Усуп Мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүү мектеби

# «Манас» таануу таймашы

(8-9-класстар)



## 8-9-класстар арасындагы «Манас таануу» таймашы

Сабактын максаты: **Манас эпосу боюнча өтүлгөндөрдү бышыкташат. Эпостун мазмунун өзөктүү окуяларын билишет. Эли-жерин коргоого умтулушат.**

### *Таймаштын жүрүшү:*

***1) Саламдашуу***

***2) Манас бөлүмү***

***3) Сыр куржун ( бири макал, бири көөнөргөн сөз)***

***4) Жер-Суу аттары ( экиден тест)***

***5) Күтүлбөгөн суроо ( ар бир катышуучуга берилет)***

***6) Өз ара суроо ( экиден үй тапшырма камдап келишет)***

### *Калыстар тобу:*

***1) Төрайымы: Султанбаева Айзада***

***2) Мүчөсү: Байкашкаева Чолпон***

***3) Мүчөсү: Шаршебаева Элнура***

***4) Эсептөө коммиссиясы: Чолпонбекова Нурзат***

Саламатсыздарбы урматтуу агай-эжейлер, ардактуу окуучулар! Бүгүнкү 8-9-класстар арасында өтүлүүчү **«Манас таануу»** таймашына куш келипсиздер!

Күч сынашып келгендерге,

Агып бүтпөс өмүр каалайм.

Кыштын таза пейилиндей ачык маанай,

Келечеги кең болсун жарык тандай.

Сапар жолдо сабак болуп жатабыз,

Кандашыбыз колдоп Манас атабыз.

Канча таймаш баштан далай өтсө да,

**«Манас таануу»** бүгүн баштап жатабыз.

Чыңгыз атабыз айткандай **«Манас кыргыз элинин туу чокусу».** Аны бир саат ичинде айтып, даңазалап бүтө албайбыз. **«Манас»** эпосунан аз да болсо көрүүчүлөргө тартуулайлы.

Анда эмесе Манас таанууга күчтүү даярдык менен келген эки топту тааныштырып алалы. Оң жактагы топ **«КУТ»** тобу. Ал эми сол жактагы топ **«ЭР МАНАС»** тобу.

Кыргыз баалайт сөздүн баасын, кадырын,

Куран сымал ыйык тутат «Манасын».

Кылымдардан кылымдарга даңкталат,

Касиеттүү Аккула, Ак шумкары-демекчи Манас таануунун биринчи бөлүмү саламдашууну оң жактагы топ **«Кут»** тобунан баштасак.

Манас уулу- кыргыз элдин желеги,

Ата мурас акыл ойдун тереңи.

Түбөлүккө ташка тамга баскандай,

Кыргыз элдин адамзатка белеги-кезекти Манас бөлүмүнө берели. Анда сол жактагы топ **«Эр Манас»** тобунан баштайлы.

1) « Бөлүнбө кыргыз бөлүнбө,

Бөлсөң бөрү жет кетет.

Бөлүнүп кетти кыргыз деп,

Бөлөк элге кеп кетет». Бул сөздү кайсы каарман айткан? (Жакып)

Жакып Манасты Ошпурдукунан алып кеткени барып, кайра жалгыз келгенинин себеби? ( Жакып ага көрүнбөгөн кырк чилтен менен сүйлөшкөн Манастан качып кетти)

3) Аба-ырайын өзгөртө алган Алмамбеттин ата-теги? ( Кытай)

4) Манастын алгачкы эрдиги? ( Калмак балбаны Кочкуну 700 жигити менен кырып салганы)

5) Алмамбет казак элинен эмне үчүн кетет?
(Казактардын ханы Көкчөнүн аялы Акеркеч менен көңүлү жакын деген ушак чыгап)

Кийинки кезек анын атаандашы болгон «Кут» тобунда.

1) Чубакка катуу тийип, шагын сындырган окуя? ( Алмамбет менен чалгынга бирге барбай калганы)

2) Манастын кылычынын аталышы? (Зулпукор)

3) Манасты өлтүрүү максатында ким ууландырат? ( Жакыптын тууганы Үсөндүн балдары Көзкамандар)

4) Манастын жубайы – Каныкей, Семетейдики – Айчүрөк, ал эми Сейтектики - ? (Акбермет)

5) Кытайдын жарым ханы? (Алмамбеттин атасы Соорондук)

Манас эпосу-элибиздин руханий табылгаларын чогултуп, укумдан тукумга өтүп келген улуу мурасы, улуттук сыймыгы. Анда эмесе кийинки жүрүштү сыр куржунга берели. Топтон бирден өкүл келип чечмелеп берсеңиздер. Келиңиздер!

Биринчи макал: ***«Көкөтөйдүн ашы – көп чырдын башы»***

Экинчи макал: ***«Өздөн чыккан жат жаман,***

***Өзөктөн чыккан өрт жаман»***

Көөнөргөн сөз:

Биринчиси: **«Аколпок-**ичине кебез, жүн салынып, шырылган ок өтпөс көрпөчө»

…инчиси: **«Абсун** – эпос боюнча кубула турган дуба. Көбүнчө душмандын аярлары …бсун окуу менен ар түрдүү нерселерди кубултуп, жол тоскон. Чек ара картайган коркунучтуу жан-жаныбарга айландырып, душмандын сесин алат»

Төртүнчү **«Жер-Суу аттары»** бөлүмүбүзгө берели. Анда эмесе оң жактагы топ **«Кут»** тобунан баштайлы.

1) Ала-Тоонун мурдакы аталышы?

а) Көкө-Ноор

б) Тянь-Шань

в) Ара-Көл

2) Жакыптын кыштоосу?

а) Ымалай

б) Аспиян

в) Терек-Төө

Экинчи сол жактагы топ **«Эр Манас»** тобуна берели.

1) Сары-Өзөндүн баштапкы аталышы?

а) Даңгылы

б) Барскан

в) Абанды-Таала

2)Таластын мурдакы аталышы?

а) Көтөлөк

б) Алай

в) Алтай

Таймашыбыздын эң кызыктуу бөлүмдөрүнүн бири. Бул бөлүмдө ар бир оюнчуга жеке суроо узатып, жооп алабыз. Ар бир оюнчунун жүрөкзаада болуп, кандай суроо туш келет деп, кеп-акылынан аң-таң борлуп турган учурларынын бири. Кеттик анда эмесе сезимдерине чогуу дүрбөлөң салалы.

Оң жактагы топ **«Кут»** тобунан баштайлы.

1) Алмамбеттин зайыбы? (Арууке)

2) Алоокенин кенже уулу? (Коңурбай)

3) Бакай Манаска канча жашында жолугат? (28)

4) Бакдөөлөттүн атасы? (Чаян)

5) Каткалаңдын кызы? ( Кызсайкал)

Кезек сол жактагы топ **«Эр Манас»** тобунда.

1) Кенжуттун ханы? ( Айган)

2) Көкөтөйдүн минген аты? (Мааникер)

3) Көкчөнүн атасы? (Айдаркан)

4) Манастын чоң атасы? (ногой)

5) Кытайдын ханы? (Эсенкан)

Акыркы бөлүмүбүздү өз ара суроого берели.Мында ар бир топ экиден суроо камдап келишет. Анда эмесе кезекти **«Эр Манас»** тобуна берели.

## Жыйынтык

***Ким билет, кимдин арманын,***

***Тараза билет салмагын.***

***Анда эмесе кезекти,***

***Калыстарга арнайын.***

Калыстар тобу жыйынтык чыгаргычакты **«Айкөл Манас»** аттуу обондуу ырды угуп туралы.

***Жеңүүчү деп 9-класстын «КУТ» тобу табылды.***

Билим гана адамды эрезеге жеткирет. Андыктан урматтуу замандаштар билим алуудан эч качан тажабайлы! Саламатта болгула!


Кыргыз Республикасынын мамлекеттик Гимни
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик Герби
Токтогул Сатылганов
(1864-1933)
Ак жол
Куттуктоо